«Бекитемин»

К.Маликов атындагы ЖББО мектебинин директору

Чортонова Н.Т

**Начар окуган окуучулар жана алардын ата-энелери (мыйзамдуу окүлдору) менен иш пед. жамаатын жүргүзүү жөнүндө жобосу**

**1. Жалпы жоболор.**

1.1.Жобо КРнын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын негизинде иштелип чыккан.

1.2.Жобо мектептин жалпы ата-эне комитети, пед.кеңешменин экспертизасынан өткөрүлүп, бекитилет.

**2. Максаты**

2.1.Бардык мектеп жашындагы балдарды окуу менен камтуу.

2.2.Билим берүү уюмунун жалпы окуучуларын жана айрым окуучулардын билим алуу жана окутулгандык сапатын жогорулатуу.

**3. Маселелери**

3.1.Окуучулардын билим алуусуна жоопкерчиликтүү мамилесин калыптандыруу.

3.2. "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына ылайык ата-энелердин балдарынын билим алуусу үчүн жоопкерчилигин жогорулатуу.

3.3. Начар окуганокуучулар менен комплекстүү иш алып барууну калыптандыруу.

**4. Ишмердүүлүктүн негизги багыттары жана түрлөрү**

4.1.Окуучулардын Билими ,билүүсү ,билгичтиги ( БББ) жана жетишүүсүнүн төмөндүгүнүн себептерин аныктоо.

4.2. Окуучулардын БББнин сапатын жана жетишүүсүн жогорулатуу боюнча комплекстүү чараларды кабыл алуу.

**5. Начар окуган окуучулар жана алардын ата-энелери менен мугалимдин ишмердүүлүгүнүн программасы.**

5.1.Окуучунун сабаттуулугунун деңгээлин аныктоо максатында окуу жылынын башында мугалим изилдөө жүргүзөт.

5.2. Обьективдүү жыйынтык чыгаруу үчүн мугалим сабак учурунда ар кандай сурамжылоо ыкмаларын колдонот ( оозеки, жазуу, жекече ж.б.).

5.3. Мугалим күн сайын жана системдүү түрдө окуучуларды сурамжылап бааларын өз учурунда коёт жана алардын топтолушуна жол бербей начар бааларды оңдоого мүмкүнчүлүк берет (сабак учурунда сурамжылоого алынган балдардын пайызы 30 кем болбош керек).

5.4. Окуучу алган баага комментарий берет жана кетирген кемчиликтерин белгилейт (кийинкиде окуучу аларды кайталабаш үчүн).

5.5. Текшерүү иштерди жазууда окуучулардын билиминдеги аныктарган кемчиликтерди жоюу үчүн кайталоо көзөмөл БББ өткөрүлүшү керек.

5.6. Начар окуган окуучу теманы кабыл алууга мөөнөттү аныктап, кыйналган учурда консультация берүүгө предметтик мугалим милдеттүү.

5.7. Эгерде окуучунун канааттандыраарлык эмес алган баалары көбөйүп кетсе ( үч же андан көп) предметтик мугалим окуучунун класс жетекчисине жана ата-энелерине билдирүүсү зарыл.

5.8. Баланын сабак учурундагы начар жүрүш-турушу үчүн мугалим бааларын төмөндөтпөшү керек.

5.9.Эгерде 5.1 – 5.8 пункттары аткарылып жакшы жыйынтык чыкпаса мугалим баланын жетишпегендиги жөнүндө жана аткарылган иштери боюнча администрацияга төмөнкү формада маалымат берет:

| Окуучунун Ф.А.Ж | Жетишпегендигинин себеби | Колдонулган сурамжылоо түрлөрү | Кемчиликтерди жоюу формалары | Материалдарды өткөрүү мөөнөтү | Класс жетекчиге берилген маалымат (дата) | Ата-энесине берилген маалымат | Иштин жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |

**6. Класс жетекчинин ишмердүүлүгүнүн программасы.**

6.1. Класс жетекчи окуучунун жетишпестигинин себептерин жекече аңгемелешүү, психологго, соц.педагогго кайрылуу, окуучуларды жана ата-энелерди анкета аркылуу сурамжылоо, маектешүү аркылуу аныктоого милдеттүү. Жетишпегендин себептерине сабактарды калтыруу (себептүү жана себепсиз), үй тапшырмасын аткарбагандыгы, окууга көңүлү жоктугу, материалдын кыйындыгын киргизсе болот.

6.2. Эгерде сабакты калтыруу жетишпестиктин негизи болсо класс жетекчи алардын себебин аныктоого милдеттүү ( себептүү, себепсиз).

Себептүү деп эсептелет:

- Оору, доктурдун аныктамасы менен.
- Иш-чараларга катышуу (аныктамалар, чакыруулар жана буйруктар менен негизделген).
- Ден соолугуна байланыштуу сабактан бошотулушу.
- Үй-шартына байланыштуу ( ББУ мүдүрүнө жазылган арыздын негизинде)

Себепсиз деп эсептелет:

- Тиешелүү документтери жок сабактарды калтыруу.
- Класс жетекчи ата-энесине баланын сабактарды калтыргандыгы жөнүндө билдириши керек күндөлүгүнө жазуу менен, (эгерде бир эле жолу калтырса) , ата-энеси менен маектешүү (бир нече жолу калтырса) профилактика кеңеши аркылуу (эгерде системдү түрдө сабакты көп калтырса).

6.3. Үй тапшырмасын толук аткарбаган же сабакта жеткиликтүү иш жүргүзүлбөгөн учурда класс жетекчи окуучунун ата-энеси өз милдетин аткарбаган учурда соц.педагог жана психологго кайрылуу менен профилактикалык иш жүргүзүүгө милдеттүү.

6.4. Эгерде окуучу үй тапшырманын көлөмү көп деп арызданса класс жетекчи предметтик мугалим менен маселени чечүүгө же болбосо окуу-тарбия иштери боюнча мүдүрдүн орун басары мектеп мүдүрүнө у тапшырманын көлөмүнүн нормаларга шайкештигин аныктоого кайрылат.

6.5. Эгерде 6.1 – 6.4 . пункттары аткарылып, бирок жакшы жыйынтык жок болсо, класс жетекчи администацияга кайрылып, пед.кеңшмеде аталган окуучунун жетишүүсү боюнча маселенин каралышын өтүнөт.

**7. Окуучунун ишмердүүлүгүнүн программасы**

7.1. Окуучу үй ташырманы аткарууга жана өзүчүрүнда жазуу иштерин мугалимге берип текшертүүгө милдеттүү.

7.2. Окуучу сабак учурунда берилген тапшырмаларды аткарууга милдеттүү.

7.3. Окуучу сабакты себептүү жана себепсиз калтырган учурда берилген окуу материалды өз алдынча окууга милдеттүү, эгерде кыйынчылыктар жаралса, мугалимге

консультацияга кайрыла алат.

**8. Ата-энелердин ишмердүүлүгүнүн программасы.**

8.1. Ата-энелер класс жетекчинин же мугалимдин чакыруусу менен мектепке келүүгө милдеттүү.

8.2. Ата-энелер окуучунун сабакка келүүсүн жана үй тапшырманын аткарылышын көзөмөлдөөгө милдеттүү.

8.3. Ата-энеле мектептин администрациясына, соц.педагогго, психологго, класс жетекчиге жардам суроо ирээтинде кайрылууга уцкуктуу.

8.4. Эгерде ата-энелер өз милдетин аткаруудан баш тартса алардын үстүнөн өспүрүмдөр менен иштөө жана балдардын укугун коргоо комиссиясына материалдар даярдалып, өткөрүлөт административдик чараларды көрүү максатында.

**9. Соц.педагогдун ишмердүүлүгүнүн программасы.**

9.1. Соц.педагог баланын окуудан жетишпестигинин себебин аныктоо максатында окуучу менен жекече маектешүүгө милдеттүү.

9.2. Керек учурда соц.педагог окуучунун үйүнө барууга жана үй шартын аныктоо актысын түзүүгө милдеттүү.

9.3. Начар окуган сабактарды көп калтырган окуучуларды өзгөчө көзөмөлдөөгө милдеттүү, себепсиз сабактарды көп калтырган окуучуларды пед.кеңешменин чечими менен мектеп ичиндеги көзөмөлгө алып, ата-энесине билдирет.

**10. Билим берүү уюмунун жетекчилигинин ишмердүүлүк программасы.**

10.1. Мектеп жетекчилиги жетишүү боюнча пед.кеңешменин ишин уюштурат.

10.2. Окуу процессинин жүрүшүндө начар окуган окуучулар менен иш жүргүзүүлөрдүн ишмердүүлүгүн көзөмөлдөйт.

10.2. Жыл жыйынтыгы боюнча пед. жамааттын начар окуган окуучула менен жүргүзүлгөн иши боюнча аныктаманы даярдайт.

**11. Жобонун аткарылышын көзөмөлдөө.**

11.1. Класс жетекчилер, предметтик мугалимдер, ата-энелер күнүмдүк көзөмөлдөө жүргүзөт.

11.2. Окуу-тарбия иштери боюнча мүдүрдүн орун басары жана соц.педагог жалпы көзөмөл жүргүзөт.